**ОшМУнун кызматкерлери  "Ден-соолук - 2024" спартакиадасында**




Ош мамлекеттик университети 17-май күнү  Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин базасында Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Ош облустук комитети тарабынан билим берүү тармагында иштеген кызматкерлер арасындагы  "Ден-соолук - 2024" спартакиадасына  катышты.   Спорттук иш чаранын ачылышында Ош облустук Билим жана илим кызматкерлер профсоюзунун төрагасы С.А. Тойгонбаев куттуктап, андан кийин КӨЭАУнун  ректору, профессор Абдилбает Мамасыдыков жана ОшМУнун  жогорку окуу жайларынын бириккен профсоюз уюмдарынын төрагалары  катышып,  спорттук иш чарага ийгилик каалашты. Спорттук  мелдешке Ош шаарындагы жогорку  окуу жайларынан түзүлгөн курама командалар катышып,  спорттун 6 түрү боюнча 40 жашка чейинки жана 40 жаштан жогорку  курактагы кызматкерлер  арасында өткөрүлдү.  Аталган спорттун 6 түрү боюнча Ош облусунун райондорунда жалпы билим берүү ишмердигин жүргүзүп жаткан орто мектептердин кызматкерлеринин арасында улантылат.

ОшМУнун курама  командасы:  Волейбол агайлар 40 жаштан жогоркулар 1 орун, 40 жашка чейинки агайлар 2 орун, Стол тенниси боюнча агайлар жана эжекелер 1 орун, ордо боюнча 1 орун, футбол боюнча 40 жашка чейинки жана 40 жаштан жогорку курактагы агайлар 1 орун, шахмат боюнча  1 орун, тогуз коргоол эжекелер 1 орун, агайлар 3 орундарда жетишип, жалпы командалык жыйынтык боюнча ОшМУ 1-орунга ээ болду. Жеңүүчүлөргө Ош облустук  Билим, илим кызматкерлеринин профсоюз комитети тарабынан диплом жана акчалай сыйлыктар менен сыйланды. Тандоо турунан жеңүүчү катары табылган командалар көгүлтүр Ысык-Көл жээгинде өткөрүлө турган "Ден соолук-2024" Спартакиадасына жолдомо алышты.


БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ
КЫЗМАТКЕРЛЕР КЕСИПТИК БИРЛИГИН
ОШ ОБЛУСТУК КОМИТЕТИНИН
СПАРТАКИАДАСЫН
НА ЖАЛЫНДУУ САЛА
САК УЛУТ
НИ САК
I ДАРАЖАДАГЫ
ДИПЛОМ


БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ
КЫЗМАТКЕРЛЕР КЕСИПТИК БИРЛИГИНИН
ОШ ОБЛУСТУК КОМИТЕТИНИН
«ДЕН-СООЛУК - 2024» СПАРТАКИАДАСЫНЫН
КАТЫШУУЧУЛАРЫНА ЖАЛЫНДУУ САЛАМ!
ДЕНИ САК УЛУТ - ДЕНИ САК ӨЛКӨ!
КӨЭАУга 30 жыл лет years
КӨЭАУга 30 жыл лет years


«ДЕН-СООЛУК - 2024» СПАРТАКИАДАСЫНЫН
КАТЫШУУЧУЛАРЫНА ЖАЛЫНДУУ САЛАМ!
ДЕНИ САК УЛУТ - ДЕНИ САК ӨЛКӨ!
КӨЭАУга 30 жыл лет years
КӨЭАУга 30 жыл лет years
ДИПЛОМ
ДИПЛОМ


ОшМУ



